## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ

## ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК

## STATE LANGUAGE

***Рысбаев Сулайман Казыбаевич***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨНҮҮГӨ ИШМЕРДИК МАМИЛЕ: ИНТЕНЦИЯЛАР ЖАНА БИЛГИЧТИКТЕРДИ БААЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

***Рысбаев Сулайман Казыбаевич***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызская академия образования***

# ДЕЯТЕЛЬНОСТНЫЙ ПОДХОК К ОБУЧЕНИЮ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ КАК ВТОРОМУ: ИНТЕНЦИИ И ВОПРОСЫ ОЦЕНИВАНИЯ

***Rysbaev Sulaiman Kazybaevich***
***doctor of pedagogical sciences, professor***
***Kyrgyz Academy of Education***

# ACTIVITY APPROACHES IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE AS A SECOND LANGUAGE: APPROPRIATE ASSESSMENT TASKS SKILLS AND INTENTIONS

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз тилин окутуу менен аны экинчи тил катары үйрөтүүнүн айырмачылыктары тууралуу сөз болгон. Ага ишмердик мамиле кылуу кандай болору такталган. Коммуникативдик ишмердикке үйрөтүү, анын талаптары айкындалган. Натыйжада баланын тил үйрөнүүсүн текшерүү, баалоо жана анын критерийлери сунушталган.*

***Аннотация:*** *В статье говорится об обучении кыргызскому языку и обучение как второму языку, а также о разницах между ними. В статье уточнены деятельностные подходы. Раскрыты его требования и обучение к коммуникативным подходам. В результате автором предлагается оценивание и его критерии, а также проверка обучения языка ребенка.*

***Abstract:*** *This article talks about learning the Kyrgyz langauge and teaching as a second language, as well as the differences between them. The article clarifies activity approaches. It is disclosed its demands and teaching to communicative approaches. As a result, the author proposes the evaluation and its criteria, and also verification of language learning of the child.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *кыргыз тилин окутуу, кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүү, кеп ишмердиги, тилдик ишмердик, коммуникативдик ишмердик, коммуникативдик компетенция, интенция, тил билүү дең-*

*гээлин текшерүү жана баалоо критерийлери.*

***Ключевые слова:*** *изучение кыргызского языка, обучение кыргызскому языку, речевая деятельность, языковая деятельность, коммуникативная деятельность, интенция, критерии проверки и оценивания уровень владения языком.*

***Key words:*** *learning the Kyrgyz language, teaching the Kyrgyz language as a second language, speech activities, language activities, communicative activities, intention, criteria for checking and evaluation level of proficiency.*

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө, негизинен, бардык эле тилдерди экинчи же чет тили катары үйрөтүүдөгүдөй, эки ача проблема күтүп турат. Ал проблема мында, т.а. тилди окутуубу же ага үйрөтүүбү? Албетте, тилди окутуу менен үйрөтүү экөө эки башка методология менен каралат, эки башка методикага таянат. Аны байкабаган методисттер тилди окутуу менен үйрөтүүнү бирдей карап, бирдей методикага таянат да, натыйжага жетүүдө жана аны баалоодо чаташууга барышат. Ошондуктан, кыргыз тилин мектепте окутуу менен үйрөтүү процессин эки багыттагы иш катары карап, анын ар бирине өз–өзүнчө мамиле жасоо керектигин эске алуубуз керек.

Андай болсо, кыргыз тилин окутуу технологиясы менен үйрөтүү технологиясынын мүнөздүү белгилерин санап көрөлү.

**Мисалы, кыргыз тилин окутуу процесси:**

- сабакты пландоо;
- сабактын максатын аныктоо;
- негизги окуу материалын түшүндүрүү;
- окуу материалын окуучулардын өздөштүрүүсү;
- үйрөнгөндөрдү бышыктоо;
- окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу;
- чыгармачыл изилдөөлөр;
- өтүлгөндөрдү кайталоо;
- эрежелерди жаттоо;
- грамматикалык формаларды колдонуп, мисалдарды келтирүү;
- тексттерди көчүрүп жазуу;
- жазуу иштерин жүргүзүү, сабаттуулугун текшерүү, каталар боюнча иштөө;
- сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, тексттерди окуу жана которуу;
- фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык талдоолорду жүргүзүү;
- окуу китептери менен иштөө…

**Ал эми кыргыз тилин үйрөтүү процесси төмөндөгүдөй мүнөздөлүүсү мүмкүн:**

- тил үйрөнүүгө болгон баланын ички каалоосунун болушу;
- тилде сүйлөөгө болгон талаптын болушу;
- класста сүйлөшүү чөйрөсүнүн түзүлүшү;
- сүйлөшүү зарылдыгынын ойгонушу;
- сүйлөшүү кырдаалынын түзүлүшү;
- кепти кырдаалга жараша колдонуу;
- кырдаалга жараша сүйлөшүүнү уюштуруу;
- тилге үйрөтүү интенцияларын аныктоо;
- кыргыз тилине үйрөнүүнүн дескрипторлорун аныктоо;
- кепти угуу, аны түшүнүү;
- суроо коюу, суроого жараша оюн билдирүү;
- сүйлөшүү практикасынын такай болушу;
- нерсени сурап алуу;
- маалыматты сурап билүү;
- окуяга жараша көз карашын билдирүү;
- болуп өткөн окуяны баяндоо;
- кыргызча кеп этикетин өздөштүрүү;
- сүйлөшүүнүн шкаласын аныктоо жана ага жараша өзүн-өзү текшерүү…

Биз мына ушул технологиянын кайсынысын күндөлүк практикабызда сабактарда колдонуп жүргөнүбүздү эстейличи. Албетте, кыргыз тилин үйрөтүү тууралуу сөз кылабыз да, үйрөтүү технологиясын эмес, тилди окутуу технологиясын колдонобуз, т.а. окумуштуу-методист А. Пассов айткандай, тилге үйрөтүүдө ал тил тууралуу маалыматтар боюн-

ча окуучуларды куралдандыруу менен чектелебиз»

1. Мына ушулардан улам ишенүүгө болот, тил үйрөтүү өз алдынча ишмердүүлүк менен гана жүзөгө ашат. Демек, тил үйрөнүүнүн өзү нагыз ишмердик мамилени талап кылат жана ал адамдын негизги ишмердүүлүктөрүнүн бир түрү болуп саналат. Тактап айтканда, адамдын ишмердиги төмөндөгүчө бөлүнөрү белгилүү:

- акыл-эс ишмердиги;
- кеп ишмердиги;
- коммуникативдик ишмердик.
- чыгармачылык ишмердик;
- эмгек ишмердиги;
- окурмандык ишмердик.

Булардын ар бири өз алдынча компетенцияларга ээ жана алар адамдан тиешелүү компетенттүүлүктөрдү талап кылат. Мында компетенция дегенде эмнени түшүнөбүз? Компетенция түшүнүгү - «ар түрдүү иш-аракеттерди аткарууда керектелүүчү билимдин, көндүмдөрдүн жана инсандык зарыл сапаттардын суммасын» элестетет.

2. Булардын ичинен коммуникативдик компетенция тилдик компетенцияны өз курамында ала жүрөт. Андыктан ал тилдик-коммуникативдик компетенция деп коштолуп айтылат. Ал компетенциялар тилдик каражаттарды практикада колдоно билүүнү жүзөгө ашыруу ишмердигин түшүндүрмөкчү.

Бул компетенция ишмерлик аркылуу, сүйлөшүү иш-аракеттери менен, текст түрүндө жана темалар аркылуу, сүйлөшүүнүн түрдүү чөйрөлөрүндө, түрдүү стратегияларды колдонуу менен жүзөгө ашат. Демек коммуникативдик компетенттүүлүк турмуштук кырдаалдарда, ар түркүн коомдук же жеке инсандык факторлор менен бирге жана алардын контекстинде кеп ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашат.

Кеп ишмердүүлүгү деген эмне? Кеп ишмердүүлүгү дегенде адамдын коммуникативдик компетенцияларынын белгилүү бир сүйлөшүү чөйрөсүндө, башка бирөөнүн сөзүн угуп түшүнүп, ага жараша өз ой-пикирин оозеки же жазуу түрүндө билдирүүдө конкреттүү бир коммуникативдик милдеттерди аткарууда жүзөгө ашуусун түшүнөбүз (жогоруда аталган китеп, 8-б.).

Мисалы: учураша билүү, бирөө менен таанышуу, маалыматты сурап билүү, суроого ылайык маалыматты бере алуу, ашканадан кандай тамак ичерин, дүкөндөн эмнени сатып алары же китепканадан кандай китепти алуусун айта билүү… ж.б. багыттарда сүйлөшүп-баарлаша алуу милдеттерин камтыйт

Демек коммуникативдик ишмердик бирөөнүн айтканын угуп түшүнүүдө, же адам өз алдынча бирөөгө оюн билдирүүдө, оозеки же жазуу формасында, диалог же монологдук текст түрүндө, конкреттүү сүйлөшүү чөйрөсүнө ылайык конкреттүү коммуникативдик милдетти аткаруу менен, т.а. коммуникативдик процессте, бир нече түргө жана формага ээ болот.

Сүйлөшүү чөйрөсү катары бул жерде, бала жашап, окуп жана мамилелешкен коомдук чөйрөнүн кенен алкагы эске алынат, ал жогоруда аталган документтерде кабыл алынгандай: жеке турмуштук чөйрө, коомдук-социалдык чөйрө, кесиптик жана билим алуу чөйрөсү- деп аталган.

Бул сүйлөшүү чөйрөлөрүнүн мүнөздөмөсү жана алардын талаптары тууралуу Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүү концепциясында жана стандартында кенен айтылган.

Кандай болгондо да, коммуникативдик компетенция, жогоруда айтылгандай, күндөлүк турмуштук практикада конкреттүү сүйлөшүү милдеттерине (коммуникативдик милдет) жараша ишке ашат. Ал милдеттер катары төмөндөгүлөрдү түшүнөрүбүздү эске салалы, т.а. ал максаттуу багытталган сүйлөшүү аракети, ал конкреттүү маалыматты алууга же берүүгө багытталуу менен, анын конкреттүү жыйынтыгы болуусу менен шартталат жана алдыга коюлган кандайдыр бир проблемаларды чечүүнү көздөйт.

Аталган концепцияда кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүүнүн максат-милдеттери, методологиясы ж.б. так көрсөтүлгөн. Анда кыргыз тилин үйрөтүүдө ал тилди эмне үчүн жана кантип үйрөтүүнүн маселелери кыйла чечилген.

Атап айтканда, бардык эле окуу предметтери сыяктуу кыргыз тилин орус, өзбек жана тажик тилдүү мектептерде окуп-үйрөнүүдө да “эмне үчүн окутуу керек?”,“эмнени окуп үйрөнүү керек?” анан да, “кантип окуп үйрөнүү керек?” – деген проблемалуу суроолор алдыга коюлат. Мына ушул суроолорду туура чечкенде гана окутуунун мазмунун, максатын, окутуу каражаттарын туура аныктаган болобуз. Анткени, “окутуунун максатын аныктоо – баарынын ачкычы жана анын аныктагычы болуп саналат”. Анын ачкычы болгон себеби, ишмердүүлүк дайыма максатты жана “түпкү натыйжаны аныктоодон башталат”, б.а. “пикир алышууга үйрөтүү” башкы максат болуу менен бирге, ал окутуунун мазмуну да, түпкү натыйжасы да болуп калат.

Бул учурда, күтүлүүчү натыйжаларга төмөндөгүлөр кирет, т.а.:

- окуучулардын өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүүсү;

- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу жана которуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;

- сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алуу менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүгүү жана кыргыз тили аркылуу окуучунун дүйнө таануусун өстүрүү;

- мектепти аяктаганда кыргыз тилинде гезиттик жөнөкөй темадагы макаланы жана радиодон социалдык-маданий темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;

- болуп өткөн же боло турган окуя тууралуу сында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;

- темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана берилген темада текст түзө алуу;

- балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен, жогорку класстарда сөздүксүз эле тексттерди которо алууга жетишүү;

- иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.

Эми ушул айтылган милдеттерди камтыган сүйлөшүү максаттары тууралуу кеп кылалы. Алар эл аралык практикада «интенция» деген түшүнүк менен сыпатталмакчы. Атап айтканда, кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө, албетте, башталгыч этапта А1 деңгээлинде үйрөтүү ыкмалары киргизилет, ал эми окуучулар улам класс жогорулаган сайын кыргыз тилин байланыш-катыштын деңгээлинде билип калган окуучулар үчүн улантуучу А2 деңгээлинде иштөө жүзөгө ашырылмакчы. Бир катар мектептерде балдардын тил билүү деңгээлдерине ылайык тайпаларга бөлүп окутуу да уюштурулушу мүмкүн. Бул шарттарды практикада туура эске алганда гана кыргыз тилин үйрөтүүнүн натыйжалуу болуусуна жетишилмекчи.

Андай болсо, башталгыч класстарда болобу, же кыргыз тилин үйрөнүүнү баштаган Кыргыз Республикасынын башка улутунун жараны болобу, же чет элден келген жарандар болобу, башталгыч этапта, тактап айтканда, А1 деңгээлинде жөнөкөй гана интенцияларга жараша сүйлөөгө жетишүү менен, андан соң А2 деңгээлинде бир катар татаал интенцияларга ылайык сүйлөшө алууга жетишүүгө тийиш. Ал үчүн аталган деңгээлдерге жараша интенциялардын негизги мазмунун, алардын түрлөрүн өз-өзүнчө мүнөздөп, классификациялап, коммуниканттардын сүйлөшө алуу багыттарын так аныктообуз керек. Ал интенциялар кыргыз тилинде сүйлөшө билүүнүн негизги багыттарын, талаптарын, ички муктаждыктары менен сүйлөөгө болгон ынтаа-ниеттерин чагылдырып турат.

Демек, бул жерде, **интенция** дегенде биз эмнени түшүнөбүз? - деген суроо туулат. Интенция - негизинен, (латын сөзү-intentio, намерение, стремление) адамдын тил үйрөнүүгө болгон умтулуусу, максаты, каалоо, ниети жаткан сүйлөшүү багыттары жана да тил үйрөнүү аракетине жараша ой жүгүртүүнүн ички максаттуу планы. Интенция аң сезимдүү жана аң сезимсиз түрдө, монологдук жана диалогдук формада пайда болуусу ыктымал.

Андай болсо, интенциялардын түрлөрү жана мазмуну төмөндөгүчө болуусу ыктымал. Бул ирет А1 деңгээлинин муктаждыктары (интенциялар) тууралуу кеп кылалы. Алар: байланыштыруучу интенциялар, маалыматтык интенциялар, аныктоочу интенциялар жана жеке баасын, мамилесин билдирүүчү интенциялар болуп бөлүнөт.

1. Байланыштыруучу интенциялар:

- учурашуу
- таанышуу
- башка бирөөнү тааныштыруу
- сурап алуу
- сурап билүү
- кечирим суроо
- уруксат суроо
- куттуктоо
- чакыруу
- коштошуу

2. Маалыматтык интенциялар:

- аты-жөнүн, ким экенин айтып билдирүү
- үй-бүлөсү тууралуу айтып билдирүү
- жашаган, окуган жери тууралуу маалымат берүү
- иштеген иши, анын мүнөзү тууралуу айтып берүү
- жаш-курагын айтып билдирүү
- улуту тууралуу маалымат берүү
- кайдан келгенин билдирүү
- дарегин айтып билдирүү
- жакындары, досу тууралуу айтып берүү
- жакын адамдарынын, ата-энесинин кесиби жана ким экендиги тууралуу маалымат берүү
- кызыгуулары тууралуу айтып ой бөлүшүү
- нерсенин эмне экенин айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда тургандыгын айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда баратканын айтуу
- нерсенин кимге жана каяка таандык экенин билдирүү
- нерсенин эмне экенин айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда тургандыгын айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда баратканын айтуу
- жыл мезгилдерин, табиятты, анын көрүнүштөрүн баяндап, сүрөттөп айтып берүү
- убакытты, күндүн, нерсенин, жуманын, айдын сан-иретин айтып билдирүү

3. Аныктоочу мүнөздөөчү интенциялар:

- кимдин, эмненин кандай экенин мүнөздөө
- нерсенин канча экенин аныктоо
- нерсенин кимдики экенин аныктоо
- иш кантип аткарылганын мүнөздөө

4. Жеке мамилесин билдирүүчү интенциялар:

- маалыматка макул экенин билдирүү
- маалыматка каршы экенин билдирүү
- маалыматты далилдөө
- маалыматты төгүндөө
- ыраазы экенин айтуу
- наараазы экенин айтуу,
- бар, жок экенин айтуу.

Мына ушул интенцияларга жараша окуучулардын практикалык жана теориялык компетенттүүлүктөрү боюнча түпкү **натыйжаларды баалоодо төмөндөгүдөй критерийлер эске алынмакчы.**

**1. Уга билүүсүнө (угуп түшүнүүгө) баа берүү**

Мында угуу кезинде окуучу ага коюлган бардык талаптарды туура аткаруу менен **20 упай** топтойт, т.а.:

- берилген тема боюнча оозеки текстти, маалыматты, анда айтылган ойду угуп түшүнөт;

- маалыматтын, оозеки тексттин мазмунун туура түшүнөт;

- айрым жаңы активдүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын сөздүк менен (же сөздүксүз) туура түшүнөт;

– оозеки жооп кайтарууда лексикалык, ал эми жазуу жоопторунда орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетирбейт.

Ар бир туура эмес жооп үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

**2. Оозеки жооп берүүсүнө (оозеки сүйлөшүү) баа берүү.**

Оозеки сүйлөшүүдө **20 упай** топтогон окуучу:

- жооп берүүдө интонацияны туура сактайт;

- жооптору деңгээлге жана темага туура келет;

- жооп берүүдө сүйлөшүү чөйрөсүнө жараша активдүү лексиканы туура колдонот;

- аңгемелешүүнүн мазмунун туура түшүнөт жана ал дескрипторго туура келет;

- жооптору баалоо шкаласына туура келет;

- грамматикалык жактан туура сүйлөмдөрдү түзөт.

Мында да ар бир туура эмес жооп үчүн мугалим тарабынан каралган упай алып салынат.

**3. Жазуу ишине баа берүү (көчүрүп жазуу, жаттаганын жазуу, жат жазуу)**

Жазуу ишинде **20 упай** топтогон окуучунун жооптору төмөндөгүдөй критерийлерге туура келүүсү тийиш:

- жазууда орфографиялык-пунктуациялык каталарды кетирбейт;

- өтүлгөн тема боюнча тилдин граматтикалык формаларын түшүнүп-билет;

- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди сактайт;

- мурда өздөштүргөн грамматикалык жана орфографиялык жөнөкөй көндүмдөрүнө таянуу менен өз оюн туура жана сабаттуу баяндайт.

Ар бир орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык ката үчүн мугалим тарабынан мурда каралган упай алынат.

**4. Текст менен иштей алуусуна баа берүү (окуп түшүнүү)**

Окуучу текст менен туура жана катасыз иштегенде, т.а. текстке жараша коюлган тапшырмаларды аткарганда **20 упай** топтойт. Ал үчүн төмөндөгүдөй критерийлер коюлат:

- тексттин түзүлүшүн билет;

- окулган тексттеги негизги ойду туура түшүнөт;

- тексттин темасын түшүнөт;

- текстте эмне тууралуу сөз болгонун айтып берет;

- оюн айтууда жана жазууда орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетирбейт.

Иштин соңунда ар бир туура эмес жооп үчүн тийиштүү упайы кемитилет.

**5. Грамматикалык билимине баа берүү**

Грамматикалык билимине баа берүүдө **20 упай** алган окуучу:

- грамматикалык терминдердин атын, айырмачылыктарын, маанилерин түшүнөт;

- грамматикалык-лексикалык каражаттарды кепте туура колдонот;

- эрежелерди билет жана ага таянып сүйлөм түзөт;

- орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетирбейт;

- фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик жөнөкөй талдоолорду жүргүзө алат.

Мында да ар бир ката үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

Булардын негизинде жүргүзүлөн иштер төмөндөгүлөрдү талап кылат, т.а. окуучулардын тил үйрөнүү деңгээлдерин баалоодо жана текшерүүдө окуучулар аларга жараша, айтылган кыргызча кепти кандай абалда угуп түшүнөт, ага жараша кандай деңгээлде сүйлөп жооп бере алат, жазуу иши кандай дең-

гээлде аткарылат - ушунун баары системалуу мүнөзгө ээ болуусу айрыкча мааниге ээ. Ошондуктан, кыргыз тили сабактарында сүйлөшүү деңгээлдерине жараша тексттерди тандооого, жазуу иштерин максаттуу жүргүзүүгө жана диалогдорду ошол багыттарда уюштурууга айрыкча маани берүү пайдалуу.

**Адабияттар:**


1. А. Пассов, "Основы коммуникативной методики", М. 1993, стр 112.

2. «Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: изучение, обучение, оценка», Департамент по языковой политике, Страсбург, орус тилинде чыгарылышы, Москва, Московский государственный лингвистический университет, 2003, с. 8.

3. Республиканын мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүү концепциясы, Б., «Эдем-принт», 2016.

4. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү предметтик стандарты, Б., «Эдем-принт», 2016.

5. Интернетсайты, Википедия, ru.wikipedia

6. Интернет сайты: Lor/intentech